**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТҮП РАЙОНУ**
**КАРКЫРА**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТЮПСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**КАРКЫРА**

---

Каркыра айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын 8- сессиясы

# Т О К Т О М

**18-апрель 2025-ж** **№ 43** **Талды-Суу айылы**

Жайыт жерлерин деградациядан коргоо жана жайыт жерлерин максаттуу пайдалануу, ошондой эле айыл чарба жерлериндеги дан эгиндерине жана башка өсүмдүктөрүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу максатында Каркыра айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Каркыра айыл аймагы боюнча жайыт жерлерин деградациядан коргоо жана айыл чарба жерлерин максаттуу пайдаланууда жайлоого өз убагында көчпөй жана белгиленген мөөнөттөн эрте көчүп келген малчыларга белгиленген тартипте кабыл алынган жана күчүнө кирген режимди бузуу фактылары аныкталган учурда;
- Жеке жактар үчүн 75 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салынсын.
- Жайкы мезгилде жакынкы жайыттарды мыйзамсыз пайдаланып, жайлоого көчпөй койгон жеке жактар үчүн 225 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салынсын.

2.Айыл чарба жерлериндеги дан эгиндерине жана башка өсүмдүктөргө зыян келтирген мал жандыктарга төмөндөгүдөй айып пулдар салынсын;
- Бодо мал (уй, жылкы) - 1 башына 1000 (бир миң) сом
- Кой, эчки - 1 башына 200 (эки жүз) сом
- Эшек - 1 башына 500 (беш жүз) сом

3.Бул токтомду аткаруу жагы Каркыра айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин айыл чарбасы жана жер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Абдылда у.Т.**